КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ЧАТКАЛ РАЙОНУ
СУМСАР АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

индекси, 721703 Сумсар айылы
Тел: 03749 60082,60086, 60272
e-mail: sumsar_okrug@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧАТКАЛЬСКИЙ РАЙОН
СУМСАРСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

Почтовый индекс, 721703, с. Сумсар
Тел: 03749 60082,60086, 60272
e-mail: sumsar_okrug@mail.ru

"07" сентябрь 2023ж. Чыг.№ 17 — Сумсар айылы

**Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын сайтына**

Чаткал районунун Сумсар айылдык Кеңеши Сизге айылдык Кенештин 7-чакырылышынын кезексиз 16-сессиясынын 2023 жылдын 06 сентябрьда чыгарган 3 (үч) токтомун райондук сайтка жарыялоого жөнөтөт:

1. **Токтом № 16-1** " Сумсар жана Терек-Сай айыл Өкмөттөрүн ирилештирип бириктирүү жөнүндө "
2. **Токтом № 16-2** " Сумсар орто мектебинин имараты жөнүндө "
3. **Токтом № 16-3** " Сумсар орто мектебинин 11-касстары жөнүндө "

**Сумсар айылдык Кеңешинин төрагасы:** **К.М.Эргешов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ЧАТКАЛ РАЙОНУ
СУМСАР АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

индекси, 721703 Сумсар айылы
Тел: 03749 60082,60086, 60272
e-mail: sumsar_okrug@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧАТКАЛЬСКИЙ РАЙОН
СУМСАРСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

Почтовый индекс, 721703, с. Сумсар
Тел: 03749 60082,60086, 60272
e-mail: sumsar_okrug@mail.ru

**Сумсар айылдык Кеңешинин VII-чакырылышынын кезексиз XVI сессиясы**

“06” сентябрь 2023-ж Сумсар айылы

**ТОКТОМ № 16-1**

**“ Сумсар жана Терек-Сай айыл Өкмөттөрүн ирилештирип бириктирүү жөнүндө “**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө“ ПЖ № 350 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы-Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчисинде болгон кеңешменин №20-12 сандуу протоколунун 5-пунктунда көрсөтүлгөн тапшырмалардын негизинде, Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын 30.08.2023-ж. чыгыш №01-23/3210 сандуу катына ылайык Сумсар айылдык Кеңешинин VII-чакырылышынын кезексиз XVI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сумсар айыл Өкмөту жана Терек-Сай айыл Өкмөтү ирилештирилип бириктирилгенге макулдук берилсин.
2. Сумсар айыл Өкмөту жана Терек-Сай айыл Өкмөтү бириктирилгенден кийин аты Сумсар айыл Өкмөтү болуп өзгөртүү жагы Чаткал райондук мамлекеттик администрациясына сунушталсын.

3. Бириктирилген айыл аймагынын жайыт аянты өтө аз жана мал чарбасы көп болгондугуна байланыштуу 20 миң га алыскы жайыттан бөлүп берүү жагын Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.
4. Токтом Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынын талабына ылайык, Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын www/chatkal.kg сайтына жарыялансын.
5. Токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап мыйзамдуу күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Сумсар айылдык Кеңешинин төрагасы:** **К.М.Эргешов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ЧАТКАЛ РАЙОНУ
СУМСАР АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

индекси, 721703 Сумсар айылы
Тел: 03749 60082,60086, 60272
e-mail: sumsar_okrug@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧАТКАЛЬСКИЙ РАЙОН
СУМСАРСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

Почтовый индекс, 721703, с. Сумсар
Тел: 03749 60082,60086, 60272
e-mail: sumsar_okrug@mail.ru

**Сумсар ӑйылдык Кеңешинин VII-чакырылышынын кезексиз XVI сессиясы**

"06" сентябрь 2023-ж Сумсар айылы

**ТОКТОМ № 16-2**

**" Сумсар орто мектебинин имараты жөнүндө "**

Сумсар айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ботобековдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап Сумсар айылдык Кеңешинин VII-чакырылышынын кезексиз XVI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. АРИС долбоорун колдоо максатында, Сумсар орто мектебине караштуу 2-кабаттуу имараты бала бакча болуп өзгөртүлсүн.
2. Документ иштерин даярдоо жана долбоорду ишке ашыруу жагы Сумсар айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ботобековго милдеттендирилсин.
3. Токтом Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынын талабына ылайык, Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын www/chatkal.kg сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сумсар айылдык Кеңешинин Социалдык маселелер, маданият, спорт, жаштар иштери жана коомдук уюмдар менен иш алып баруу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап мыйзамдуу күчүнө кирет.

**Сумсар айылдык Кеңешинин төрагасы: К.М.Эргешов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ЧАТКАЛ РАЙОНУ
СУМСАР АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

индекси, 721703 Сумсар айылы
Тел: 03749 60082,60086, 60272
e-mail: sumsar_okrug@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧАТКАЛЬСКИЙ РАЙОН
СУМСАРСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

Почтовый индекс, 721703, с. Сумсар
Тел: 03749 60082,60086, 60272
e-mail: sumsar_okrug@mail.ru

**Сумсар айылдык Кеңешинин VII-чакырылышынын кезексиз XVI сессиясы**

“06” сентябрь 2023-ж                                                                 Сумсар айылы

**ТОКТОМ № 16-3**

**“ Сумсар орто мектебинин 11-класстары жөнүндө “**

Сумсар орто мектебинин директору К.Сатыбалдыеванын 05.09.2023-ж. Чыгыш №01-31 кайрылуусунун негизинде Сумсар айылдык Кеңешинин VII-чакырылышынын кезексиз XVI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сумсар орто мектебинин 11-кыргыз классында-15 окуучу, 11-орус классында-14 окуучу окуп жаткандыгына байланыштуу жана башка мектептер 8-км алыстыкта жайгашкандыктан 2 класс комплект калтырылсын.
2. Документ иштерин даярдап бүтүрүү жагы Сумсар орто мектебинин директору К.Сатыбалдыевага милдеттендирилсин.
3. Токтом Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынын талабына ылайык, Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын www/chatkal.kg сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сумсар айылдык Кеңешинин Социалдык маселелер, маданият, спорт, жаштар иштери жана коомдук уюмдар менен иш алып баруу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап мыйзамдуу күчүнө кирет.

**Сумсар айылдык Кеңешинин төрагасы:**                                   **К.М.Эргешов**